УДК 81′443

# АДАМ АБАЛЫН БИЛДИРГЕН СЕЗИМДИН ИЗИЛДЕНИШИ
# ИССЛЕДОВАНИЕ ЧУВСТВО ВЫРЕЖЕНИЯ СОСТОЯНИЯ ЧЕЛОВЕКА
# HUMAN FEELING RESEARCH

***Рыскулова Г.У. - ф.и.к., доцент,***
***Байгозуева Н.М. - улук окутуучу, ЖАМУ.***

*Аннотациялар: Адам абалын билдирген сезимдердин түрдүү илимдерде изилдениши, ар кандай көз караштагы иликтөөлөр талданып, акырында тема боюнча негизги жыйынтыктар берилет.*

*Исследование чувство выражения состояния человека в разнообразных науках, талкуются различные точки зрения исследований, в конце описываются основные результаты темы.*

The article deals with human feeling research and there are discussed different opinions. At the end of the article there is given a conclusion about the theme.

Адамдар турмуштук муктаждыктарын орундатуу үчүн башкалар менен аралашып ой бөлүшүп, сүйлөшүү процессинин жардамында аракеттенип мамиле түзүшөт. Башкалар менен ой бөлүшүп сүйлөшүү аркылуу мамилелелешкенден адамда жаңы идея, ой пайда болуп, аны турмушта иш жүзүнө ашырууга аракеттенишет. Бул аракеттерин орундатууда турмуштун ар кандай тоскоолдуктарына, кыйынчылыктарына туш болушат. Жашоодогу мына ушундай тигил же бул нерсе менен болгон кагылышуулар, түрдүү көрүнүштөр, кубулуштар баш мээде чагылып, ага таасир эткендиктен, аларга карата организм жооп кылып өз мамилесин билдирет. Адамдардын баш мээсине чагылган ал нерселер сүйлөшүүдө тилдик каражаттар менен билдирилип, адамдар ортосундагы пикирлешүү, мамилелешүү процесстерин ишке ашырат. Сүйлөшүүдөгү тилдик каражаттар адам абалына, ички сезимине таасир этүүнүн күчүнө карап иргелип, жагдайга ылайык тандалып колдонулат. Адамдардын ар кандай сырткы таасирлерди сезүү туюусунун коомдук турмуштагы мааниси чоң. Сезимге таасир эткен нерселерди туюу, анализдөө менен түшүнүк пайда болот. Курчап турган сырткы дүйнөнү таанып-үйрөнүүдө биздин сезүү-туюуларыбыз зор мүмкүнчүлүктөргө жол ачат. Ал эми ошол таасир этүүчү нерсе козгогуч болуп саналат да, ошого жараша адамдын түрдүү сезимдери келип чыгат. Сырткы дүйнөнү сезүү туюусуз, адамдардын ортосундагы муктаждыкты орундатуу эч качан болгон эмес, ансыз элестетүүгө, түшүнүүгө да мүмкүн эмес. Ар кандай таасирлерден улам жаралган адам баласындагы мына ушундай түрдүү сезимдердин болушу, адамдын аң-сезимдүү ой жүгүртүүсүнө түрткү болгон негизги факторлордон болгон деген түшүнүктү айтсак болот. Сезимдер гана адамды ар кандай абалда болууга алып келип, турмуш муктаждыгы менен ал сезимдерди таанып билүүгө, аларды атоого, аларды эстеп калууга, тажрыйба топтоого өбөлгөлөрдү жаратып отурган. Адамдын турмуштук муктаждыктарын орундатуудагы жаралган түрдүү сезимдер жөнүндө айтылган илимий көз караштарды психологиядан көп кездештирүүгө болот. «Адамдардын курчап турган чөйрөдөгү ар кандай көрүнүштөргө, предметтерге, башка адамдарга болгон мамилесине жана кылык жоруктарына, өзүнүн жасаган ишине, аракеттерине карай түрдүү маанайларын, мамилелерин билдирип, аларды баштан өткөрүүлөрү сезим жана эмоция деп түшүнөбүз» - дейт Б.М.Теплов (5.155-б.). Бардык эле адамдар өздөрүнүн турмуштук муктаждыктарын канааттандыруунун аракетинде жүрүп, курчап турган чөйрөнүн түрдүү таасирине күтүлбөгөн жагдайлардын келип чыгышына туш болушушат. Келип чыккан таасир этүүлөр адамдын баш мээсине,

нерв системаларына чагылып, алар аркылуу өтүп анализденип, таасир этүүнүн дүүлүктүрүүсүнөн улам оң же терс сезимдер келип чыгат. Адамдагы сезимдердин оң же терс деп ажыратылышын, алардын пайда болуш убактысын күчүн өлчөөгө эч мүмкүн эмес. Анткени, сезимдин жаралышы, алардын оң же терс болуп ажыратылышы эң кыска убакыттын ичинде, болгондо да дароо эле даяр программа сыяктуу аткарыла берээрин белгилөөгө болоьт. Адам ойлогон бардык эле жумушу же аракети турмушта ишке аша бербейт. Адамдын ички ой сезими, каалоосу иш жүзүнө ашып орундалышында жандуу сүйлөшүү процессинин орду өзгөчө белгиленеьт. Адамдын ички сезими атайын тилдик каражаттар менен билдирилип, сезимдер сүйлөшүү процессинде талданат. Бардык эле сезимдер сүйлөшүү процессинде ачык айтыла бербейт. Адам түбөлүккө жакшы жашоо үчүн аракеттенүү менен алдыдагы болуучу бардык тоскоолдуктарды жеңип чыгууда түрдүү сезимдерди билдирип, бир канча психологиялык абалды баштан өткөрөт. Эгерде адам өзүнө жаккан ишти аткарса, ал иш жүзүнө ашса, адам сүйүнөт өзүнө-өзү ыраазы болот, эгерде ал иш аткарылбай калса, же оюндагыдай болбой калса, капаланып, кайгырат. Адамдагы сезимдер ар түрдүү болот. Анын ар түрдүүлүгү адамга таасир эткен козгогуч күчтүн оң же терс сапатына жараша келип чыгат. Курчап турган чөйрөнүн адамга таасир этүүсү менен ошого жараша адамда маанай, сезим жаралат. Эгерде таасир этүүнүн күчү адамда жагымдуу сезимдерди козгосо, адам бардыгын жакшы маанайда кабыл алат. «Жагымдуулук жана жагымсыздыкты баштан өткөрүү биздин сезимдерибиздин элементи жана биринчи белгилери катары эсептелет» - дейт П.И.Иванов (11. 316). Мындан келип адамда жагымдуулук, жагымсыздык ал абалдын жаралышы кандайдыр бир сезимдин башталышы экенин белгилегибиз келет. Себеби, жагымдуулук маанай түзүлсө, жагдайга карап адамда сүйүнүү, кубануу, ашыгуу, жыргалга батуу сезимдери жаралат. Жагымсыз маанай түзүлсө, жагдай-шартка жараша коркуу, ачуулануу, жек көрүү, кайгыруу, өкүнүү, көңүл калуу ж.б. сезимдердин бири пайда болушу күтүлөт. Маанайдын төмөн же жогору болушунан адамдын психологиялык ал абалы өзгөрүлүп, адамда сезимдердин чөйрөсү пайда болот б.а. андай сезимдер баш мээде талдалып патриотизм, кубаныч, коркуныч, таң калуу жана кайгы түшүнүк катары таанылып тилдик каражаттар менен аталышын белгилесек болот. Жан дүйнөбүздүн предметке болгон сезимдик чагылдырылышы образ түрүндө эмес, алардын өздөрүнө карата адамга, коомго, алардын керектөөлөрүнө, кызыгууларына жана идеяларына болгон мамилеси түрүндө берилет. Ошондой эле адамдын сезими жөнүндөгү ар кандай аныктамаларды белгилөө менен сезимдердин түрлөрү жөнүндө лингвистикада да өз учурунда изилдөөлөр жүргүзүлүп келген. Адамдардын ички ой сезими, эрктик мамилелери адам баласынын эмгектенүүсүнүн бардык учурунда активдүү орунду ээлеп, адамдардын башкаларга болгон түрдүү мамилелерин ички сезимин, эрктик жана турмуштук мамилелерин билдирген сырдык сөздөргө сүйлөшүү процессинин маанилүү бөлүгү экенин айтып келишкен. Орус окумуштуусу В.В.Виноградов «Сырдык сөздөр азыркы тилде субңектинин кептик белгилеринин жандуу жана таза бай катмарын өзөгчө субьектинин эмоционалдык эрктик реакциясын билдирүүдө кызмат кылган белгилердин тикеден-тике аракеттерин субңектинин эмоционалдык баштан кечирүүлөрүн сезүү, аффект, эркти билдирүүлөрүн түзөт»- дейт (7.745.). Ушундай эле ойдо сырдык сөздөрдүн адамдардын пикир алышуусунда өзгөчө орунда тураарын француз тилчиси Ж.Вандриес белгилеп кеткен. Ал: »Сөз түркүмдөрүнүн ичинен сырдык сөздөр пикир алышууда болуп көрбөгөндөй кең маанилүү, анда кандайдыр бир башка сөз түркүмдөрүнө окшобогон, өзгөчөлөнгөн башка бир тизмектеги көрүнүш бар» - дейт (1.114.). Адамдын жашоого болгон көз карашын билдирип, ага көрк берип, өмүр бою ар бир аракетин коштоп жүргөн сезимдер пикир алышууда да жандуу тилдик каражаттар менен билдирилип, сүйлөшүүнүн мазмундуулугун, боөктуулугун түзүп турат. Адамдын сезимине байланышкан сөздөрдү

изилдөөдө кыргыз тил илиминде да бир нече эмгектер жаралган. Сырдык сөздөр тууралуу С.Иманалиевдин «Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр», Б.Керимжанованын «Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр жана тууранды сөздөрдүн грамматикалык өзгөчөлүгү», Б.М.Юнусалиевдин «Кыргыз тилин окутуунун кээ бир маселелери жөнүндө», ошондой эле жогорку окуу жайларынын морфология боюнча окуу китептеринде «Кыргыз адабий тилинин грамматикасы», «Азыркы кыргыз тили, морфологияда» сырдык сөздөр тууралуу илимий маалыматтар берилген.

Адамдын турмуштук муктаждыгын канаттандыруунун эң башкы жолу анын көңүл маанайы менен байланыштуу экени тилчи окумуштуулардын да пикирлеринде өз учурунда далилденген. Сезимди билдирген сөздөр пикир алышуунун көрктүүлүгүн арттырып, ошол эле ойду ачык, так билдирүүнү камсыздап турат. Ал эми биздин бардык иш аракеттерибизди ички сезим коштоп жүрүп отурат. Эгер адамдын муктаждыгын орундатуу үчүн ички сезимде каалоо жаралса, анда ал аны иш жүзүнө ашырууга аракеттенет. Эгер каалабаса, ойду аткаруу үчүн сезим жок болсо ал каалоо ши жүзүнө ашпайт. Адамдардын эмгек ишмердүүлүгү, бардык карым-катыш мамилелери сезимсиз аткарылбайт. Биздин жашообуз, ой жүгүртүүбүз, каалообуз сезим менен тыгыз байланышта. Жасаган иш аракеттерибиздин, ой жүгүртүүбүздүн канчалык деңгээлде чындыкта тууралыгы, анын пайдалуу экендиги да кайра эле ички сезимдерибиз аркылуу бааланып, бекталат. Баш мээде сезимдердин козголуусу менен алар анализделип, талданып ага ичтен оң же терс баа берилип, акырында ал башкаларга сыртка билдирилет. Адамдын мээсине таасир эткен козгогучтун оң же терс экени баамдалып, аны жалпыга билдирүүдө аны уккан экинчи, үчүнчү тараптагылар да ага өз баамында баа берип, алар сүйлөшүүдө билдирилет. Ошентип адамдардын психологиялык абал учурундагы түрдүү сезимдерине жеке, жалпы баа берүү менен коомдо жалпылаштырган сезимге болгон түшүнүк келип чыгат.

Тил илиминдеги ички сезимди туюндурган сырдык сөздөр жөнүндө:«Адамдын окуяга, нерсеге карата ички ой сезимин, маселесин туюнткан сөз түркүмү. Сырдык сөз морфологиялык жактан өзгөрбөйт, синтаксистик жагынан сүйлөм мүчөлөрү менен байланышпайт жана сүйлөмгө мүчө боло албайт, сүйлөмдүн жалпы мазмуну менен маани жана интонациялык жактан ажырагыс байланышта болот. Сырдык сөздөргө суроо берилбейт. Түзүлүшүнө карай сырдык сөз тубаса (А!, О!, Өх! Ай!) жана туунду (О-ойт, катуу=күн> катыгүн) деп ажыратылат; лексикалык жактан үч негизги топко бөлүнөт: ички сезимди туюнткан сырдык сөз. Мис. Бах! Катыгүн Кап! эркти туюнткан сырдык сөз . мис. Чу!, Күчү-күчү! Тырр! , турмуш-тиричиликке жана салтка байланыштуу сырдык сөз. Мис. Ассалом алейкум! Алейкумассалам! Кош!, Кайыр!, Ыракмат!». Кыргыз тилиндеги сырдык сөздөр семантикалык жагынан көп маанилүү (мис. Пай-пай!, Апей!, Кап!), бир маанилүү (мис. Баса!, Ураа!, Ичикий!) деп эки топко бөлүнөт» - деп чечмеленип түшүндүрүлөт (3.493.). Ушул эле эмгекте адамдын сезимин туюндурган сезимдик сөздөр жөнүндө мындай делет: «Сезимдик сырдык сөздөр сүйлөөчүнүн ички сезимин, көңүл күүсүн (кубануу, ырахаттануу, кубаттоо, мактоо, өкүнүч, кайгыруу, ачуулануу, коркуу, чочуу, кекетүү ж.б.) билдирет. Ички сезимдик сырдык сөздөр башка топтогу сырдык сөздөргө караганда өзүнүн саны жагынан арбын жана алардын дээрлик көпчүлүгү көп маанилүүлүк касиетке ээ» - делет (3.388.). Айтылгандардан улам ар кандай багыттагы көз караштардын жалпы жонунан окшоштугун байкоого болот. Ошол эле учурда айтылгандардан төмөнкүдөй жыйынтыкка келсек. Сезим – ар кандай көрүнүшкө же предметке карата адамдын жеке мамилесинин түрдүү психологиялык ал абалды баштан өткөрүүсү. Адам ички сезимин тилдик каражаттар менен атап аң сезимдүү сыртка билдире алганы менен жаныбарлардан айырмаланып, турмуштагы баштан өткөргөн ар кандай сезимдерин муундан-муунга тажрыйба кылып өткөрүп берүү жагы менен да өзгөчөлөнөт. Аны

өткөрүп берүүнү биз атайын үйрөнбөйбүз ал бизге жаралгандан эле ген аркылуу өтүп жүрүп отурат. Учурунда англис окумуштуусу Э.Сепир да ушуга окшош ойду белгилеген : «Тилди өзүнчө бир бүтүндүк катары далилдегенибиздей, келип чыгыш жагынан сырдык сөздөр тарыхый жана психологиялык негизинде тилдеги үн чыгаруу инстинк аркылуу берилгендей табигый инстинктке жакын экенин көрсөтүүгө болот» (9.7.). Сезим адамдын организиминин бардык бөлүгүн ээлөө менен адамдын ал абалына карап маанайды баштан кечирүүнү түшүндүрөт. Сезимге карап организмдин иштөөсү, өзгөрүүсү көз ирмегенчелик убакта инстинкт аркылуу иштелип чыгылат, сезимдер өздөрүнчө эле организмге сигналдар түрүндө таасир этет. Адам организиминин бардык жерине тараган сезимдик сигналдар өзү менен кошо кайсы бир маанайды алып жүргөн информацияларды жеткирет. Бул сигналдардын айрымдары оң же терс экенине карап адамга таасир этип, ал таасир этүүнүн күчүнө карап сакталып калат. Адам аны көпкө унутпай өз турмуштук тажрыйбасында пайдаланып, эстеп башкаларга айтып жүрөт. Адамдагы катуу таасир этип эсинде бекем сакталган информациялар кан аркылуу муундан-муунга даяр тажрыйба катары өтүшү да мүмкүн. Азыркы күнгө чейин бир канча жыл же кылым мурун болуп өткөн адамдардын психологиялык абалдарын түшүндүргөн сезимдерди, алардын таасирлерин окуп, угуп ошол замат элестетип, сезип туябыз. Анын кандай экенин, ал учурда адамдын абалы кандай абалда болоорун алдын-ала билип жүрөбүз. Алардын айрымдарын баштан өткөрүп көрбөсөк да сезип, билебиз. Ага алдын ала даяр болобуз же кандай жагдайда болоорун, анын таасири кандай болоорун элестете алабыз. Адам жада калса мурдараак болуучу, белгилүү бир жагдайга байланыштуу, кубулуштy, аракетти таасир этүүнүн механизмин алдын ала сезет. Мына ушунун баары адамдын тарыхый жактан баштан өткөргөн психологиялык абалдарынын кан, ген аркылуу берилиши менен түшүнсөк болот. Сезим адам баласынын жашоосун коштогон тарыхый жана социалдык жактан шартталган көрүнүш. Алар түрдүү элдерде ар башка пайда болуп, түрдүү тарыхый этаптар боюнча да айырмаланышканы менен бирдей түшүнүктү берет. Ал түшүнүктөрдү атоо жагынан айырмаланат.

Сезим адамдын сырткы дүйнөгө башкаларга болгон мамилесин гана чагылдырбастан, турмуштук тажрыйбаны билдирген бир информацияны алып жүрөт. Ошол эле мезгилде сезим адамдын турмуштук ар кандай муктаждыгы жана аны канааттандыруудагы ар кандай иш аракеттери менен да тыгыз байланышта болот. Адамдын турмуштук ар кандай зарыл муктаждыгын канааттандырууда өз алдынча мамилелешүү жана кызматташууда сезимди эки башка фундаменталдык топко бөлөбүз. Мунун биринчисине ар кандай маанайды баштан өткөрүү менен, адам муктаж болгон нерсенин кайрадан эле себепке өтүп, сезимдин жаралышына айлануусу эсептелинет. Башкача айтканда адам муктаждыгын канааттандырууда таасир эткен нерселерден баш мээде дүүлүгүү жаралып, андан улам адамда сезим жаралат. Ал эми муктаждыкка болгон аракети экинчи жак болгон эмоционалдык көрүнүш каалоону, ниетти жетектөөдөн келип чыгат. Мындан алып караганда сезимди жалаң эле эмоциянын сферасынан көрүүгө туура келет: кубаныч, кайгы, коркунуч, толкундануу, жагымдуу жана жагымсыз маанайды баштан кечирүү. Сезимдин түрдүүлүгү жөнүндө дагы сөз кыла турган болсок: «Жылуу сезим», жарык сезим, коом алдындагы сезим, атуулдук сезим, жоопкерчилик сезими, ата-энелик сезим, кесиптик сезим, жалгыздык сезими» ж.б. Ал эми сезим эмоцияга салыштырмалуу башка категориядагы нерсе экени жөнүндө айтылган да пикирлер бар. Бул жөнүндө А.А.Салиев мындай дейт: « Эгер эмоция жан дүйнө кыймылынын тону катары көрүнсө, анда экинчи категорияда колдонулган сезим көрүнүштү аныктаган аң сезимдин өзгөчөлүгүнө тиешелүү» - дейт (8.180). Ошондой эле сезим жөнүндө Салиев ушул эле эмгегинде дагы төмөнкүдөй ойду айтат: «Өң түскө карата анын сезими жакшы» десек, биз мында сөз болуп жаткан адамдардын түстүн сапатына жана ага болгон

мамилесин түшүнөбүз. Бул жерде эмоционалдык реакциянын мүнөзү же даражасы жөнүндө эч нерсе берилген жок. Ушуга окшош эле «биздин атуулдук сезим айтып тургандай мындай аткаралы» дегенди алып көрсөк, мында эмоция жөнүндө эч нерсе билдирилген жок. Бул жерде акыл иш аракети жөнүндө, биздин ой жүгүртүүбүздүн белгилүү багытка карата кыймылы жөнүндө билдирилди. Ушул мазмунду негиз кылып алганда бул факт сезим кээде таануу, түшүнүү катары белгиленет» (8.170.).

Адам баш мээсине таасир эткен нерсенин күчүнө, козгогучуна карап баалоо аркылуу түрдүү психолгиялык ал абалга тушугуу менен ага карата сезимдин жаралышы келип чыгат. Сезимдин жаралышын биз таасир эткен нерсеге адамдын кайсы бир деңгээлде оң же терс түрүндө берген жообу катары түшүнсөк болот. Адам коомдо жашап анын бир бөлүгүн түзгөндүктөн жалпы адамдардын биргелешкен каалоолору жаралып, алардын жалпы бир сезимдери кызыкчылыктан келип чыгат. Буга мисал катары көп кабаттуу үйдө жашаган жашоочулар көптөн бери күтүп муктаж болуп жүргөн таза суу үчүн суу түтүктөрдүн алмашуусу мамлекет же кайсы бир фирма, компания, партия тарабынан каржыланып акысыз уланып киргизилсе бардык жашоочуларда жакшы маанай, сүйүнүү, ыраазы болу, алкоо сезимдери пайда болот. Эгерде бул жашоочулардын каалоолору, муктаждыктары аткарылбай кала берсе, алардын мамлекетке болгон ишеничтери кетип, мамлекет, жетекчилер жөнүндө сөз болгондо алардын кайта-кайта кыйналып, муктаж болгондорунан улам нааразылык сезимдери күчтүү чыңалууга айланып, адамдарда эмоциялык абал жаралат. Мына ушундай жалпы мүнөздөгү сезим жөнүндө: «Социалдык сезимдердин сферасы адамдардын рухий жашоосунун негизги бөлүгүн түзөт. Бул жалпыга белгилүү чындык. Бирок аны жакындан карап көрсөк биз айтып жүргөн социалдык сезимдер жана сезим категориясы түшүнүксүз бойдон калууда» - дейт К.Чокушев (6.15.). Башкача айтканда турмуштагы ар кандай карама-каршы келген көрүнүштөр, окуялар адамга түрдүү таасир этип, адамдын сезимин козгоп, ошого жараша ал көрүнүштөрдүн таасир этүү өлчөмүнө карай, сезимдин дүүлүгүшүнө жараша адам баштан кечирген оң же терс сезимдер жаралат. Сезимдин өзгөчөлөнгөн, айырмаланган мүнөздөмөсү карама-каршылык болуп саналат. Бул түрдүү маанайды баштан кечирүү канааттануу же канааттанбоо, сүйүү-жек көрүү, кубаныч-кайгы, көңүл ачуу-капалык ж.б. катары айтылат. Ошондой эле сезимдин мааниси «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» »Сезим зат. Сезүү жөндөмдүүлүгү акыл-эс »- деп берилет (4.525.). Мындан келип адамда болуучу түрдүү сезимдер акыл-эс, аң сезим менен тикеден-тике байланыштуу десек болот. Психологиялык ар кандай абалдан улам акыл-эсте оң же терс маанайдагы ойлонуу пайда болуп, натыйжада сезимдер келип чыгат. Ал эми ушул сөздүктө аң сезим жөнүндө: «Аң сезим адамдын ой, мээ аркылуу сезип, туюусу, ой-сезими» - деп берилет ( 4.53.). Ал эми төмөндөгү эмгекте сезимди экиге оң жана терс деп бөлүштүрүү менен аларды жөнөкөй жана татаал деп бир нече түргө ажыратып аларга токтолуп санаган: «Мазмуну боюнча бардык сезимдерди жөнөкөй жана татаал деп адамда муктаждыктын канааттануусунун деңгээлине карап бөлүштүрсөк болот. Жөнөкөйгө – капачылык, коркунуч, кубаныч, кайгы, көрө албастык, кызгануучулукту, татаалга – моралдык сезимдер, эстетикалык сезимдер, патриоттуулук жана Ата Мекенге болгон сүйүү сезими деп киргизсек болот. Акырында эмоционалдык абалдын учурундагы пайда болгон ар түрдүү сезимдердин формасы боюнча сезимдик тонду: көңүл, пейил, эмоция, аффект, стресс, фрустрация, шыктануу, бийик сезим деп бөлөбүз. Эмоционалдык маанайдын жөнөкөй формасы – сезимдик же эмоционалдык тон. Сезим алдындагы тон деп - эмоционалдык боекту түшүнөбүз, алардын субьектиде сакталышын жана чектелишин козгоочу психологиялык процесстин өз мезгилиндеги сапаттуу оттеногу. Бизге белгилүү болгондуктан ой жүгүртүүдөн жана эске түшүрүүдөн, аларга байланышкан жагымдуу жана жагымсыз сезимдерди алып келет. Жакшы музыка, розанын жыты, жагымдуу

апельсиндин даамы ошол эле мезгилде булар менен бирге адам терс эмоционалдык тонго да ээ боло алат» (2.355.).

Айтылгандардан улам оюбузду жыйынтыктасак, турмуштагы ар кандай таасир этүүлөр адамда кандайдыр бир өлчөмдө дүүлүктүрүүнү жаратып, алар сезимдерди пайда кылат. Ал сезимдер адамдардын аң сезиминде талданып андан ары жүрүп отуруп, ошол эле учурда оң же терс эмоциянын жаралышына алып келет. Мындай караганда эмоция менен сезимдин пайда болуш чегин ажыратуу эч мүмкүн эмес. Алардын пайда болушу жагдайга, адамдын көңүл маанайына байланыштуу болот. Сезимдин көп түрдүүлүгүн психология илиминде эки категорияга бөлүнүп каралган: оң катардагы сезим, жашоодо адамдын муктаждыгын канааттандырган жана адамга жагымдуу сезим алып келген жана терс катардагы адам жашоосунда муктаждыгын канааттандырбаган жагымсыз шарт алып келген.

Ар кандай сырткы таасирлерден улам баш мээде пайда болгон сезимдик көрүнүш көптөгөн чагылууларды өз ичине чогултуп, жыйнайт. Алардын ичинде бизди курчаган пайдалуу жана зыяндуу факторлордун иш аракеттери да топтологон. Сезимдик көрүнүш өзүнүн жалпылоочу ушундай касиетинин жардамында болжолдуу маалыматтарды кабыл алууга, жаңы козгогучка карата так чечим чыгарууга аны эсте сактаган маалыматтар менен салыштырууга жардам берет. Баш мээдеги пайда болгон сезимдик тон адам ишмердүүлүгү кайсыл жакка багытталса, кайсыл жакка агып жөнөсө, аракеттенсе ошого көз каранды. Сырткы көрүнүшү анча маанилүү болбогон адамдар деле кээде сезимдик көрүнүшүндө бир нерсени жакшы билиши жана максатка умтулуучулугу менен башка адамдын көңүлүнө таасир этип, өзүнүн эмгек өндүрүмдүүлүгүн, жетишкендиктерин жакшыртат.

Ал эми сезимди билдирген сырдык сөздөр, жагдайга ылайык колдонгон тилдик каражаттар сезимдин түрүнө карата түрдүү жагдайда ар башка мааниде колдонулат. Алардын кайсы сезимди билдирип, кайсы мааниде колдонулганы интонация аркылуу түшүнүктүү болот.

Адабияттар:


1. Вандриес Ж. Язык. /Лингвистического введение в исследованию/ перевод французкого языка. М., 1937, 114-б.
2. Немов Р.С. Общая психология М., 2002.
3. Кыргыз совет энциклопедиясы. 493-б.
4. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. –Ф.: Мектеп, 1969.
5. Психология М., Политиздат., 1951, 155-б.
6. Психолингвистический массовый коммуникаций М., 1989. 15-б
7. Русский язык. - М., 1947. 745-б.
8. Салиев А. А. Мышление как система. -Ф., «Кыргызстан 1974, стр 180.
9. Сепир Э. Язык. /перевод английского языка/. -М., 1934. 7-б.
10. Спиркин А.П. Указ. работа, стр. 117)
11. Общая психология. - Ташкент, 1967, стр-316


Рецензент: Ажыбаева З.А. - ф.и.к., доцент

* * *